КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XVIII чакырылышындагы кезектеги 7-сессиясы

ТОКТОМ

15 июнь 2022 жыл № 41 **Григорьевка а.**

Н.И.Пустохинаны Ысык-Көл районунун «Ардактуу атуул» наамына сунуштоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 31-жылдыгына карата, Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А. Орозалиевдин маалыматын угуп жана талкуулап, айылдык кенештин депутаттарынын сунуштамасынын негизинде айылдык кенеш **токтом кылат:**

1. Садыр аке айыл аймагына караштуу Григорьевка айылынын тургуну, Ысык-Көл районунун №4 Бала-бакчанын жетекчиси Пустохина Наталья Ивановна Ысык-Көл районунун «Ардактуу атуул» наамына сунушталсын.

2. Н.И.Пустохинага Ысык-Көл районунун «Ардактуу атуулу» наамын берүү жагы Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы Сыйлыктар боюнча комиссиясынан суралсын.

3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы айыл өкмөт башчысы А. Орозалиевге тапшырылсын.

Төрага **Б. Чичканбаев**

Жиберилди: ИШ каталогуна-1, РМА-1,Облюстицияга-1

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 7-сессиясы

ТОКТОМ

15 июня 2022 жыл № 42 **Григорьевка а.**

Садыр аке айыл аймагынын Жайыт комитетинин жайыт акыларын бекитүү жөнүндө

Садыр аке айыл аймагынын Жайыт комитетинин жайыт акыларын бекитүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап эл депутаттарынын Садыр аке айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 7-сессиясы токтом кылат:

1. Садыр аке айыл аймагындагы Жайыт комиттетиндеги крематордун иштешинин акылары төмөндөгүдөй бекитилсин:

- Эки камералуу крематордун иштешине күйүүчү майдын чыгымы: 100 килограмм биокалдыкка 33 литр күйүүчү май (бензин) сарпталсын
- Жумушчуга биокалдыктарды өрттөгөнү үчүн кварталына 2500 сом эмгек акы төлөнүп берилсин.
- Григорьевка айылынынын тургундары өлгөн малдын өлүктөрүн крематорго алып барууга милдеттүү.
- Токтомго баш ийбей малдын өлүктөрүн таштандыга, талаага же арыктарга ташталса ал ташталган малга жайыт комитети тарабынан айып 10 000 (он мин) сом салынсын.
- Кышкы, жазгы жана күзгү жайыттарга ИММ жана жылкы башына – 15 сом, МММ – 6 сом 1 баш малга.
- Жайкы жайытка ИММ жана жылкы башына – 30 сом, МММ – 15 сом 1 мал башына.
- Жайыт жерлерин башка максаттар менен колдонууга, антенага -7000 сом бир айга жана ошондой эле (чөп чабык, картошка, чеснок) – сотка жерге – 30 сом.
- Жайыт жерлердеги жер казынасын (карьер) (топурак, инерттүү грунт) колдонуу үчүн 50 сомдон 100 сомго чейин авто унаанын түрүнө жараша алынсын.

2. Юстиция башкармалыгынан ушул токтомду мамлекеттик реестрге киргизип берүү жагы суралсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын жайыт комитетинин төрагасы П.Г.Жукка милдеттендирилсин.

Төрага **Б.С.Чичканбаев**

Жиберилди: Иш кагаздарга-1, Облюстицияга-1, Каржы бөлүмүнө-1